**Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин ишмердүүлүгү боюнча декандын**

**ОТЧЕТУ**

**Отчеттук мезгилдеги факультеттин ишмердүүлүгү боюнча төмөнкүдөй маалымат беребиз.**

Кыргыз филологиясы факультети – Кыргыз улуттук университеттин уюшулушуна негиз, өзөк болгон, бараандуу салты бар, эң алгачкы факультеттердин бири.

Бүгүнкү күндөгү негизги милдети, миссиясы-мурунку барандуу салтты улоо, жандандыруу менен Кыргызстанда заманбап билим берүү системасынын негизинде кыргыз тили жана адабияты, кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде, котормо жана котормо таануу боюнча адистерди, бакалавр, магистр, аспирант, докторанттарды даярдоо; түркология, кыргыз филологиясы боюнча билимдин жана илимдин борборуна айлануу.

**1.Факультеттеги билим берүү программалары жана студенттердин контингенти**

Бүгүнкү күндө факультетте төмөнкү багыттар боюнча адисттер даярдалат:

1) 531000-филология (кыргыз тили жана адабияты) багыты боюнча бакалавр (4 жыл);
2) 550001-мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде (5 жыл) адистик;
3) 530003-Котормо жана котормо таануу (орусча-кыргызча, англисче-кыргызча) боюнча (5жыл) адистик.

2018-2019-окуу жылына карата факультеттин жалпы студенттеринин саны - 470

| № | **Багыты/ адистиги** | **Күндүзгү окуу бөлүмү** | | | | | | | | | | **Сырттан окуу бөлүмү (ДОТ)** | | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1-курс** | | **2-курс** | | **3-курс** | | **4-курс** | | **5-курс** | | **1-курс** | **2-курс** | **3-курс** | **4-курс** | **5-курс** | |
| | | **б/б** | **к/б** | **б/б** | **к/б** | **б/б** | **к/б** | **б/б** | **к/б** | **б/б** | **к/б** | | | | | | |
| 1 | Филология (кыргыз) | 18 | 24 | 19 | 22 | 21 | 27 | 22 | 15 | - | - | - | - | 22 | 33 | 38 | **136** |
| 2 | Мам.тил кырг.эмес бил.бер.мек. | 11 | 20 | - | 17 | - | 25 | 18 | 10 | 22 | 2 | 10 | 15 | - | - | - | **125** |
| 3 | Котормо ж-а котормо таануу | - | 12 | - | 12 | - | 20 | - | - | 15 | - | - | - | - | - | - | **59** |
| | **Жалпы:** | **29** | **56** | **19** | **51** | **21** | **72** | **40** | **25** | **37** | **2** | **10** | **15** | **22** | **33** | **38** | **526** |
| | | **85** | | **70** | | **93** | | **65** | | **39** | | **118** | | | | | **470** |

Соңку жылдарда кыргыз филологиясы факультетиндеги студенттердин контингентинин өзгөрүшүн байкоого болот. М:

| № | **Жылы** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1 | 2016-2017-окуу жылы | 565 студент |
| 2 | 2017-2018-окуу жылы | 480 студент |
| 3 | 2018-2019-окуу жылы | 470 студент |

Мындай өзгөрүү төмөнкүдөй негизги жагдайларга байланыштуу деп ойлойбуз:

1. Бюджеттик орундардын кыскарышы (Маселен, 2014-2015-окуу жылында министрлик тарабынан 100 бюджеттик орун берилсе, кийин 29 орунга кыскарган);
2. Мурунку 6 жылдык сырттан окуу бөлүмүнүн жоюлушу;

3. Бишкек шаарындагы жана аймактык жогорку окуу жайларында кыргыз тили жана адабияты боюнча багыттардын жана адистиктердин ачылышы.

**Магистратура бөлүмү**

Факультетте төмөнкүдөй багыттар боюнча магистрлер даярдалат:

1) 531000-филология (кыргыз тили жана адабияты),
2) 531000-филология (түрк тили жана адабияты),
3) 550300- филологиялык билим берүү.

2018-2019-окуу жылына карата факультеттин жалпы магистрлердин саны - 56.

| | **Багыттар** | **Күндүзгү окуу бөлүмү** | | | | **Сырттан окуу бөлүмү** | | **бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1-курс** | | **2-курс** | | **1-курс** | **2-курс** | |
| 1. | Филология (кыргыз) | бюд. -5 | контр. -5 | бюд. - 4 | контр. - 7; | 8 | 3 | |
| 2. | Филология (түрк) | | контр.-8 | | | | | |
| 3 | Филологиялык билим берүү | | контр.- 9 | | контр. - 7 | | | |
| **4** | **Бардыгы** | **27** | | **18** | | **11** | | **56** |

Магистратура бөлүмү боюнча да контингенттин өзгөрүшүн байкоого болот:

| **№** | **Жылы** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1 | 2016-2017-окуу жылы | 29 магистрант |
| 2 | 2017-2018-окуу жылы | 30 магистрант |
| 3 | 2018-2019-окуу жылы | 56 магистрант |

Анын негизги себебин жаңы багыттардын ачылышы, ишке кириши менен түшүндүрүүгө болот. Маселен, 2017-жылы 550300-*Филологиялык билим берүү,* 2018-жылы 531000-*Филология (түрк тили жана адабияты)* багыты боюнча магистратура бөлүмү ачылып, магистранттар кабыл алынды.

**II. Окуу процессинин уюштурулушу жана окуу пландары**

Кыргыз филологиясы факультети жогоруда белгилендей, 1 багыт 2 адистик боюнча иш алып барат:

Модулдар оозеки түрүндө болот да, жыйынтыктоочу экзамендер жазуу түрүндө жүргүзүлөт. Талапка ылайык тиешелүү окуу пландары 2015-жылдын 15-сентябрында КР БИМ тарабынан бекитилген №8 1179/1 буйрукка ылайык жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде түзүлгөн. Ага ылайык Мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарына жооп берүүчү окуу пландары боюнча студенттер билим алат.

2018-жылы “Филология” (кыргыз) багыты боюнча факультет көз карандысыз эл аралык эксперттер жүргүзгөн аккредитациялоо конкурсуна катышып, комиссиянын чечими менен гуманитардык билим берүү багыты боюнча республикада 3 орунду ээлеген.

**III. Факультеттин курамы:**

**2018-2019-окуу жылында 5 кафедра иштеп жатат.**

1.Кыргыз тил илими кафедрасы; 2.Кыргыз адабияты кафедрасы ; 3.Филологиялык билим берүүнүн технологиясы кафедрасы; 4.Кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде; 5. Манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасы.

**2.Кадрдык курам**: Кыргыз филологиясы факультетинде адистерди даярдоодо кадрлар менен камсыздоосу мамлекеттик билим берүү стандартына туура келет.

Кыргыз филологиясы факультетинде жалпы 60 адам эмгектенет. Анын ичинен 50 штаттык жана 10 айкалыштыруучу окутуучу-профессор, 10 көмөкчү кызматкер бар. КР ИУАнын корр-мүчөсү-2, илимдин доктору, профессор – 9, илимдин кандидаты-27, доцент

- 16, улук окутуучу – 11, окутуучу - 6. Окутуучулардын жалпы педагогикалык стажы 10 жылдан кем эмес.

**Факультет аралык дисциплиналар-** манас таануу.

**Материалдык техникалык база: 12** дарскана, 1 компьютердик класс,1 китепкана,1 окуу залы, 3 окуу-методикалык кабинет бар.

**IV.Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу.**

Факультеттин 14 окутуучусу квалификациясын жогорулатуу максатында Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө, ошондой эле эл аралык уюмдар тарабынан өткөрүлгөн ар кандай семинарлардан өтүп, сертификат алышкан.

**V. Илимий-изилдөө иштери**

Кыргыз филологиясы факультети - ачылган күндөн тартып эле илим менен билим берүүнү айкалыштырып келген факультет. Учурунда бул факультет Орто Азиядагы түркологиянын борбору болгон. Факультеттин атактуу окумуштуулары студенттерге мыкты билим берүү менен, кыргыз филологиясы, педагогика илимине барандуу салым кошуп, фундаменталдуу илимий эмгектерди жаратышкан. Бул жакшы салтты бүгүнкү күндө улантылып жатат десек жаңылышпайбыз.

Факультеттин илимий-изилдөө иши төмөнкү тармактар, багыттар боюнча жүргүзүлөт:

1. Түркология;
2. Кыргыз тил илими;
3. Салыштырма тил илими;
4. Кыргыз адабияты;
5. Фольклористика;
6. Дүйнөлүк адабияттардын байланышы;
7. Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы, педагогикасы.

Бул адистиктер боюнча факультетте төмөнкүдөй кандидаттык жана докторлук диссертациялар корголгон.

1. К.Абакировдун «Манастаануу илиминин өнүгүшү жана калыптанышы» аттуу докторлук диссертациясы ( филология. 22.11.2017)
2. Г.К Абдыкадырованын «Адабиятты окутууда кенже эпосторду окутуунун методикасы (“Эр Төштүк”, “Эр Табылды”)» аттуу кандидаттык диссертациясы (педагогика. 28.09. 2018);
3. Аскар кызы Жылдыздын «Окуучулардын тилдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган эмгектерин колдонуу технологиялары» аттуу кандидаттык диссертациясы (педагогика. 28.09. 2018).

2017-2018- окуу жылында факультеттин окутуучу-профессорлору тарабынан көптөгөн макалалар жазылып, монография, окуу китептери басылып чыкты.

2017-2018- жылдардагы басып чыгарылган окуу куралдары жана монографиялары**:**

**I. Окуу куралдар:**

1. Сарылбекова З. Кыргы зтилин чет тили катары окутуу. Баштооч топор үчүн. «Тил жана маданият». 01.01.2018
2. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуукуралы. Бишкек, Айат, 2018. 15 б.т.
3. Байсабаев Б., Оторбаев Б, Сарылбекова З. Педагогикалык практиканы өткөрүү боюнча программа жана колдонмо. Бишкек, 2018.
4. С.Исаева**.** XX кылым соңундагы кыргыз эпикалык поэзиясы: кошумча окуу куралы. –Б., 2018, 10 б.т.
5. Айтбаева Ш. Кыргыз адабиятынын жана фольклористикасынын маселелери. Окуу куралы. –Б. 2018, 3-9-бет, 0,5 б.т.
6. Абдразакова Г.Концептти окутуунун айрым маселелери, - Бишкек, 2018. – 96 б.

7. Токушева Т.С. Кыргыз тилин үйрөнөбүз: чет элдик студенттер үчүн, 2018.

**Монографиялар** :

1. Садыков А. Адам жана коом. Макалалар жана маектер. (2018, Б.: Алтын –Принт );
2. –Даутов К**.** Формирование жанра поэмы и художественного мышления. – Б.; «Улуу тоолор» 2018. 16 п.л.
3. Жаманкулова К.Т. Алтай тектүү элдердин цивилизациясы (монография). – Бишкек: “Улуу тоолор” басмасы, 2018-жыл, 17,75 б.т., 284 б.
4. Бешкемпирова А. «Манас» эпосундагы тууранды сөздөрдүн семантика-стилистикасы» (12 б.т.).
5. Осмонова Н. Кыргыз тилининдеги фразеологизмдердин семантика-стилистикасы» (Б,201811 б.т.)
6. Токушева Т. “Ч.Айтматовдун повесттериндеги көркөм лиризм” (Б,201810 б.т.)

Отчеттук окуу жылында факультеттин окутуучу-профессорлорунун ар түрдүү басылмаларда, илимий журналдарда 61 илимий макаласы жарык көргөн. Анын ичинде РИНЦке киргени -12. Илимий доклад жасагандар-17, телерадиодо сүйлөгөндөр-30.

**Аспиранттар - 13 Докторантар -12**

**Конференцияларды уюштуруу жана өткөрүү**

2017-2018-окуу жылында кыргыз филологиясы факультети 11 илимий конференция өткөрүп, 3-адабий кече, 3-жолугушууларды жана адабий кечелерди уюштурду. Алар төмөнкүлөр:

1. Залкар акын жана жазуучу Мидин Алыбаевдин туулгандыгынын 100 жылдыгына арналган «Талантың таңкы чолпон жылдыз эле» аттуу Республикалык илимий-практикалык конференция. 05.12.17.

2. С.Орозбаков жана азыркы учур”. Республикалык илимий-практикалык конференция 27.10.2017.

3. “Молдо Кылыч – улуу акын, даанышман ойчул” республикалык илимий-практикалык конференция. 16.11.17.

5. Кыргыз тил илими кафедрасы тарабынан “Юнусалиев окуулары – 2017”аттуу эл аралык деңгээлдеги илимий-практикалык конференция.

6.16.05.18. «Мекенчил акын Төлөгөн Мамеев» аттуу Кыргыз Эл акыны Мамеевдин 80 жылдыгына арналган республикалык илимий-практикалык конференция уюштурулду.

7.23.10.18. Кыргыз эл жазуучусу Асанбек Стамовдун 80 жылдыгына арналган Республикалык илимий-практикалык конференция.

8.30.10.18. «Адабий майдандын белсемдүү жоокери» аттуу Байдылда Маленовдун 90 жылдыгына арналган Республикалык илимий-практикалык конференция.

9. 25.10.18. «Окумуштуу, педагог, устат» аттуу профессор А.Садыковдун 85 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференция.

10. 10.12.18. «Ч.Айтматов менен М.Каримдин руханий тавросу жана Евразия дүйнөсү» аттуу Эл аралык илимий-тажрыйбалык конференция. Факультет теңуюштуруучу болду.

11. 14.12.18. «Профессор А.Биялиев жана кыргыз адабий тилинин өнүгүшү» аттуу илимий-практикалык конференция.

12.12.18. Чыңгыз Айтмтовдун туулгандыгынын 90 жылдыгына арналган «Ч.Айтматов – адабий аалам адамы» аттуу мектеп окуучулары менен студенттердин адабий-чыгармачылык кечеси болду. Катышуучулар: 7 мектеп, 5 ЖОЖ жана КУУнун 12 командасы. Бардыгы: 24 команда катышты.

13.03.05.18. Жазуучу Б.Максүтовдун студенттер жана окутуучулар менен жолугушуусу уюштурулду.

**VI.Долбоорлор жана гранттар**

2017-жылы КУУнун илимий иштерди гранттык негизде каржылоо боюнча долбооруна факультет боюнча 2 иш катышып, жактырылган. Алар: 1) кыргыз тил илими кафедрасынын профессору Ж.Дүйшеевдин “Манас эпосундагы антропонимдер” жана 2)

кыргыз адабияты кафедрасынын доценти Б.Баймырзаевдин “КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын тарыхы 1925-1975-жыл” деген изилдөөлөрү.

**VII. Материалдык-техникалык базасы**

Факультеттин кафедраларында китеп фонду тууралуу маалымат берилген. Андан тышкары студенттер үчүн лекциялардын тексттери иштетилип чыгарылган. Электрондук китепкана иштейт.

Кыргыз тили, адабияты, дүйнөлүк адабият жана кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы боюнча ар түрдүү аудио-видеоматериалдар бар.

Факультетте 1 китепкана. 1 окуу залы, 4 лекциялык зал, 10 аудитория, 1 компьютердик класс жана 5 кафедра бар.

**VIII. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу**

Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орноштуруусун анализ көрсөткөндөй, студенттердин дээрлик 80% ишке кирген.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жылына бүтүрүүчүлөр менен иш берүүчү мекемелердин байланышын камсыздап турат.

**IX. Факультеттин Мамлекеттик программаларга катышуусу.**

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча улуттук программасына ылайык, факультеттин окутуучу -профессорлору КР УИАнын Ч.Айтматов ат.Тил жана адабият институту менен биргеликте кыргыз тили жана адабияты, аны окутуунун методикасы боюнча бир канча эмгектерди басмадан чыгарышты. “Сагынбай”,”Саякбай”,”Алыкул Осмонов”, “Ч.Айтматов” энциклопедиясын түзүүгө да активдүү катышышты.

2. КР Президентинин «2018-жылды аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндөгү» Указына ылайык факультеттеги иш-чаралар:

1.2018-жылдын 12-майында Ж.Баласагын атындагы КУУ менен Ысык-Көл областынын Тоң райондук мамлекеттик администрациясынын ортосунда түзүлгөн Меморандумда белгиленгендерди ишке ашыруунун алкагында Ысык-Көл областынынын Тоң районундагы К.Иманалиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде атайын иш-чара өткөрүлдү. КУУнун бул аталган иш-чарасы жөнүндө маалымат берип, университеттин атынан мектептин китепканасына белек катары көркөм жана окуу-методикалык тематикалардагы 400дөн ашык китепти тапшырды.Иш-чара көрмө тасмага тартылып, улуттук теле көрсөтүү тарабынан 10 мүнөттүк берүү эсебинде эфирге алып чыгылдырылды.

2.Ушуга окшогон эле иш-чара жогоркудан төрт күндөн кийин 16-майда Сокулук районунун Р.Мамыралиев атындагы №8 мектеп-гимназиясында өткөрүлдү.

**X.Тарбиялык иштерди уюштуруу жана студенттер менен иштөө**.

Студенттердин билим алуусу менен бирге чыгармачылыгын өркүндөтүүгө жана мекенчил сезиминин өнүгүүсүнө шарт түзүү максатында факультетте 30га жакын иш-чаралар өткөрүлдү. 8 иш-чара Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналды. Слайд.

1. Факультеттин демилгелүү жаштары тарабынан “Из калтыр» билим жана маданиятты өнүктүрүү уюму түзүлгөн. 2018-жылы Бул уюм «Окутуучунун лекциясы» аттуу иш-чарасын уюштуруп,анын негизги максаты өлкөбүздөгү гуманитардык илим жаатындагы белгилүү окумуштуулардын жардамы аркылуу алган билимдерин тереңдетип, бышыктап, илимге болгон таанымын байытуу болуп саналат. Лекция айына эки жолудан үч ай өткөрүлдү. Ага КУУнун, БГУнун, Кыргыз - Түрк «Манас» университети, Кыргызстан Ислам университетиин профессор -окутуучулары лекция өтүштү. “Из калтыр» билим жана маданиятты өнүктүрүү уюму Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган «Ааламды кезген Айтматов» аттуу факультеттер аралык интеллектуалдык сынак уюштурду. Жалпысынан ага КУУнун 13 факультети катышты.

**XI. Эл аралык байланыштар**

Учурда факультет эл аралык байланышты күчөтүү үстүндө кызуу иштеп жатат.

1. Москвалык мамлекеттик лингвистикалык университети (Россия федерациясы) менен көп жылдардан бери байланышыбыз бар. Биздин айрым окутуучу-

профессорлорубуз бул университеттен стажировкадан өтүп келишкен. Учурда Мамлекеттик тил кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде кафедрасынын мурдагы доценти, ф.и.к., Жеңишгүл Байтерекова ошол университетте иштеп жатат. Азыр илимий, окуу-методикалык иштер, өз ара стажировка ж.б. маселелер боюнча биргелешип иштөө тууралу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз.

2. Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университети (Россия федерациясы) менен кызматташуу, байланышуу жигердүү жүрүп жатат десек жаңылышпайбыз. Маселен, Бул университеттин башкыр филологиясы факультети менен өз ара илимий, окуу-методикалык иштер жүргүзүлдү. Маселен, башкыр филологиясы факультетинде "Манас" эпосу, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы, Кыргыз эл акыны Ж.Садыковдун драмалары боюнча, кыргыз филологиясы факультетинде башкыр эл акыны М.Каримдин чыгармачылыгы боюнча дипломдук, курстук иштер жазылды. Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, профессор Р.М.Ассадулиндин педагогика боюнча монографиясын кыргыз тилине которууда факультеттин окутуучу профессорлору катышты. Башкыр эл акыны М.Каримдин 100 жылдыгына карата кыргыз филологиясы факультетинде анын кабинетин ачуу пландаштырылган. Ошондой эле Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетине факультеттин окутуучу- профессорлорун илимий иш сапарга жиберүү тууралу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз.

3. Кытай Эл Республикасынын Уримчи шаарындагы Синьцзян педагогикалык университети менен 2012-жылдан бери келишимдердин негизинде өз ара бир канча иштер жүргүзүлдү. Маселен, Синьцзян педагогикалык университетинде жаңы ачылган кыргыз тили, адабияты бөлүмү үчүн биздин факультеттин окутуучу- профессорлору тарабынан жалпы 86 б.т. көлөмүндө окуу куралдары жазылган. Мисалы: Азыркы кыргыз тили (35 б.т.), Манас таануу илиминин калыптанышы (17 б.т.), Адабият теориясы (18 б.т), Айтматов таануу (16 б.т.).

2012-2015-жылдары, башкача айтканда 3 жыл өз ара фольклордук-диалектологиялык экспедициялар, педагогикалык практикалар уюштурулган. Бүгүнкү күндө эки университеттин келишимдеринин негизинде белгилүү тилчи-окумуштуу, ф.и.д., профессор Т.С.Маразыков Синьцзян педагогикалык университетинде иштеп жатат.

4. Эгемендүүлүккө болгондон бери факультет Түркия Республикасынын жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта иш жүргүзүп келет. Акыркы жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Түркиянын бир канча университетеринин ортосундагы "Мевлана" алмашуу программасы аркылуу Сакария, Кастамону, Чанаккале университеттери менен өз ара кызматташуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Бул боюнча ноябрь айында биз Чанаккале университетине иш сапар менен барып келдик.

5. Эл аралык байланышты күчөтүү максатында факультетте төмөнкүдөй жолугушуулар уштурулду :

1.2018-жылдын 3-октябрында Казакстан Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин демилгеси менен уюштурулган кыргыз - казак адабий байланышына арналган белгилүү казак акыны, котормочусу, "Ысык-Көл форумунун" катышуучусу Төрегелди Туякбаев менен жолугушу болду. Анда түркология, котормо таануу, терминология маселелери боюнча мындан ары биргелешип иштөө боюнча сунуштар, сүйлөшүүлөр болду.

2.Ошондой эле, ушул жылдын 11-декабрында Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлдөрү, Өзбекстан улуттук университетиинин профессору, белгилүү окумуштуу, "Манас" эпосун өзбек тилине которгон Исамиддинов Зухриддин Низамидинович жана Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөлөрү катышкан "Белгилүү акын жана котормочу Турсунбай Адашбаев жана кыргыз-өзбек адабий байланыштары" аттуу жолугушу кечеси өткөрүлүп, бул жолугушууда мындан ары өз ара кызматташуу, мурунку байланышарды жандандыруу, фольклордук-диалектологиялык экспедиция боюнча да сүйлөшүүлөр

болду.

**XII. Сыйлык алгандар:** Факультеттин окутуучу-профессорлорунун эмгектеринин акыбети кайтып мамлекттик сыйлыктарга болушту. Алсак профессорлор-А.Абдразаков жана Б.А.Байсабаевдер КРнын Билим берүүсүн эмгек сиңирген кызматкер наамына татыктуу болушту.

Ф.и.д., проф. К.Т.Джаманкуловага Алтай тектүү элдердин цивилизациясы" аттуу эмгек үчүн КР Президенти С.Жээнбековдун сыйлыгы – стол үстүнө коюлуучу көчмөндөр герби түшүрүлгөн саат эл аралык 61-Алтаистика конференциясында тапшырылды.

1. Россиялык табият таануу Академиясы жана Европалык илимий-өндүрүштүк консорциум Россиялык табият таануу Академиясынын өнүгүшү үчүн кошкон салымы үчүн Ф.и.д., проф. К.Т.Джаманкулованы "ЗА ЗАСЛУГИ" ордени менен сыйлады (протокол 1.11.2018.).

3 Ф.и.д., проф. К.Т.Джаманкулова КР аялдар конгрессинин "Өрнөктүү эне" медалы менен сыйланды. Күбөлүк № К-111. 11.5.2018.

4. Улук окутуучу М.Апышева Билим берүүнүн мыктысы төш белгиси менен сыйланды.

**Академиялык илимий наам:**

К.Т.Джаманкулова Россиялык табият таануу Академиясынын Президиумунун 2018-жылдын 1-августундагы чечими боюнча РАЕнин "Филологиялык илимдер" бөлүмүнө корреспондент-мүчө болуп кабыл алынды.

**Кыргыз филологиясы**
**факультетинин деканы** **Б.Жайлообаев**